Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСАнын илимий жетекчинин изденүүчүсү Доронбаева Нурзада Орунбековнага “Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу” (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы педагогика адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын коргоого даярдаганы жөнүндө илимий жетекчиси п.и.д., профессор Р.Н.Токсонбаевдин

**ПИКИРИ**

Н.О.Доронбаева Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөндөн кийин билим берүү системасынын ар кандай тармактарында иштеген.

Илимий – педагогикалык иштерине байланыштуу 6 жылдын ичинде (2018-2023ж) №64 мектеп гимназиясында жана Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСАда мугалим болуп иштеген. 01.02.2023-жылдан бери Окумуштуулар кеңешинде окумуштуу катчы болуп эмгектенүүдө.

Диссертациялык ишти максаттуу аткаруу менен баардык илимий пландарды, тапшырмаларды өз убагында жана аларды сапаттуу аткарды. Белгилүү адис-педагогдор менен тыгыз байланышта болуп, алардын кенештерин алган. Илимий иштердин жыйынтыктары боюнча КР УАК тарабынан сунушталынган басылмалардан, жогорку окуу жайларда жана илимий эл аралык журналдарда 16 илимий эмгектери жарыкка чыгарган.

Доронбаева Н.О. тарабынан даярдалып сунушталган “Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу” (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) деген темадагы кандидаттык диссертациясы дене тарбиядагы жалпы педагогика, педагогиканын тарыхы, ошондой эле билим берүүнүн, учурдагы эң маанилүү, актуалдуу жана көйгөйлүү суроолору болгон, башталгыч класстын 3-4-классынын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруунун маселелерин иштеп чыгууга жана чечүүгө арналган.

Илимий изилдөөлөрүнүн көрсөткүчтөрүн алууда умтулуусун, тактыгын, обьективдүүлүгүн, койгон максатына жетүү үчүн кылган аракеттери байкалган.

Сканировано с CamScanner

2. 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарындагы кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын системалаштыруу.

3. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын башталгыч класстын окуучуларына тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү.

Н.О. Доронбаеванын тарабынан белгиленген жагдайларды эске алуу менен, диссертациялык изилдөөсүнүн илимий актуалдуулугун туура аныктай алган. Айрыкча аткарылган иштин өз алдынчалыгын, чыгармачылык логикалык ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын жана өжөрлүгүн белгилейт элем.

Н.О. Доронбаеванын диссертациясынын мазмуну жана даярдалышы Кыргыз Республикасынын Окумуштулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун 10 п.талаптарына жооп берет.

Диссертациялык иштин илимий жактан ийгиликтүү жыйынтыкталган, илимий баалуулугу жогору жалпы педагогика билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы практикасына кошумча жаңы жаңылыктарды кийирген илимий эмгек деп эсептесек болот.

Н.О. Доронбаеваенын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы, 13.00.01. - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны ыйгаруууга татыктуу деп эсептейм.

**Илимий жетекчи п.и.д., профессор** **Р.Н.Токсонбаев**

"__1__" ___03___ 2024-ж.

Профессор Р.Токсонбаевдин кол тамгасын бастыктайм.

КБ башчысы Тапирова

Б.Т. ТУРУСБЕКОВ атындагы КМДТжСАнын Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Колу________
«___»________20___ж.

Сканировано с CamScanner